ДАГЫ МААЛЫМАТПЫ?
веб-сайтыбыз:
www.nato.int

# NATO менен таанышуу



## Адамдарды коргоо

Биз адамдар, көп учурда, эркин, коопсуз, экономикалык жактан туруктуу чөйрөдө басып жүргөнүбүздү милдет катарындагы нерсе сыяктуу эсептейбиз. Коопсуздук биздин күнүмдүк турмушубуздагы бейпилдигибиздин ачкычы.

## Жаңы коркунучтарга туруштук берүү

Коркунучтун өзөктөрү өзгөргөнгө жараша, тынчтыкты сактоо методдору дагы өзгөрүүгө учурашы талап кылынат. НАТО өзүнүн куралдуу мүмкүнчүлүктөрүн бүгүнкү коркунучтарга буруп жаткан учуру. Ал күчтөрдү ыкмалап, терроризм, жетишпеген өлкөлөр жана массалык жоготтуу куралдары боюнча иш алып баруу менен, ар-улуттук мамиле түзүү жолдорун иштеп чыгууда.

## Шериктештиктин жаралышы

Тынчтык мамилелер жана терең эл-аралык түшүнүүлөрдү жаратуу үчүн сүйлөшүүлөрдүн жана шериктештиктин салмагы өтө зор.

Мүчө жана шериктеш өлкөлөргө кофликтерди алдын алуу максатын көздөп, туруктуу ишенимди жаратуу үчүн, коопсуздук боюнча маселелерди кароодо НАТО бирден-бир, кайталангыс мүмкүнчүлүк түзөт.

Практикалык шериктештик жана ар тараптуу демилгелик аркылуу өлкөлөр жаңы коопсуздук максаттарга чогу күбө болуп жатышат.

## Тынчтыкты жана стабилдүүлүктү куруу

Стабилдүүлүктүн жакшы жактарын баардык тарап бир убакта ала алат. Региондордо туруктуулукту сактоо олуттуу маселе, ал жактардагы кыйынчылыктар коопсуздукка коркунуч тийгизип жатат. Ошондуктан, НАТО кризисти тейлөө иштеринде эл-аралык уюмдар менен бирдикте активдик ролду ойноп жатат.

## Мүчө жана шериктеш өлкөлөр

Түндүк Атлантика Келишмесине кол койуу, 1949-жыл, 4-апрель.

### МҮЧӨ ӨЛКӨЛӨР (+КОШУЛУУ ДАТАСЫ)

Албания /2009
Бельгия /1949
Болгария /2004
Канада /1949
Хорватия /2009
Чех Республикасы /1999
Дания /1949
Эстония /2004
Франция /1949
Германия /1955
Греция /1952
Венгрия /1999
Исландия /1949
Италия /1949
Латвия /2004
Литва /2004
Люксембург /1949
Нидерланды /1949
Норвегия /1949
Польша /1999
Португалия /1949
Румыния /2004
Словакия /2004
Словения /2004
Испания /1982
Түркия /1952
Улуу Британия - Бириккен Падышачылык /1949
Америка Кошмо Штаттары /1949

### ТЫНЧТЫК ҮЧҮН ШЕРИКТЕШТИК (PFP) ӨЛКӨЛӨР

Армения
Австрия
Азербайжан
Беларусия
Босния жана Герцеговина
Финляндия
Грузия
Ирландия
Казакстан
Кыргыз Республикасы
Мальта
Молдова
Черногория
Россия
Сербия
Швеция
Швейцария
Тажикистан
Мурунку Македониянын Югославия Республикасы*
Туркменистан
Украина
Өзбекстан

### ЖЕР ОРТОЛУК ДЕҢИЗ РЕГИОНУНДАГЫ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ДИАЛОГУ ШЕРИКТЕШ ӨЛКӨЛӨРҮ

Алжир
Египет
Израиль
Иордания
Мавритания
Марокко
Тунис

### ЫСТАМБУЛ КЫЗМАТТАШТЫКТЫН ЖАҢЫ ӨЛКӨЛӨР (ICI)

Бахрейн
Кувейт
Катар
Бириккен Араб Эмираттары

* Турция Македония Республикасын анын коституциялык аты менен тааныйт




# НАТО деген эмне?

Түндүк Атлантикалык Келишме Уюму (ТАКУ) дүйнөдөгү эң ири эл аралык институт болуп саналат. Бул саясий жана аскер бирикмеси Европадан, Түндүк Америка тартып 28 мүчө өлкөнүн башын бириктирет.

Бул мамлекеттер коргонуу жана коопсуздук боюнча биргелешип иштөө жана кеңешүү үчүн жолугушуп турушат. Бул тарапта, НАТО бирденбир кайталангыс эки континенттин ортосундагы саясый жана коопсуздук жактан байланышты камсыз кылат.

## НАТО эмне аткарат?



НАТО өз мүчө өлкөлөрүн саясий жана аскердик жактан коргоого милдеттенет. Ал ошондой эле НАТОго мүчө эмес өлкөлөргө дагы ар тараптан коопсуздукка байланышкан коргоо реформасы жана тынчтыкты сактоо боюнча кеңешмелерине жана биргелешүү иштерине шарт түзөт.

Сүйлөшүү жана шериктештик аркылуу НАТО конфликтерди алдын алуу жактан мүчө өлкөлөр арасында жана андан сырткары чоң үлүш кошот.

Ал демократиялык түшүнүктөрдү адыга чыгарат жана талаш-тартыштардын тынч чечилиштерине милдет алат. Эгер дипломатиялык сый аракеттер оорундалбаса, анда анын кризисти басууга куралдуу мүмкүнчүлүгү, же тынчтыкты сактоо иштери, болбосо башка өлкөлөр менен, эл-аралык уюмдар менен шериктешүү талап кылынат.

НАТОнун жогоркудан башка үчүнчү маселеси граждандык тез-ара кырсыктарды алдын алуу план түзүүлөрүнөн, Уюмдарга жана Партнерлорго алааматтарга каршы жардам кылуудан, ошондой эле илимий жана жаратылышты коргоо жактан жардам көрсөтүү иштеринен турат.

## НАТО кандайча иш алып барат?

Ар бир мүчө өлкөнүн туруктуу делегаты Брюсселде, НАТОнун саясий башчылыгында кызмат өтөйт. Аны Уюмдун кеңешмелеринде, жана чечим-чыгаруу убакыттарында өз мамлекетинин кызыкчылыгын көздөгөн Элчи башкарат.

Түндүк Атлантикалык Кеңешме Уюмдагы эң маанилүү саясий чечим чыгыруучу мекеме болуп саналат. Ал ар кандай деңгээлде жолугушууларды өткөрөт, анын башчысы НАТОнун Жогорку Катчысы, ал мүчөлөргө маанилүү маселелер боюнча бир келишимге келүүгө жардам этет.

Баардык НАТО Комитеттеринин ичиндеги чечимдер консенсус аркылуу чечилет. Ошондуктан, «НАТО чечими» деген сөз баардык мүчө-өлкөлөрдүн каалоосунун көңүлгө алынганын билдирет.

НАТОго түз караган аз гана күчтөр бар. Операция Түндүк Атлантикалык Кеңешме менен кеңешилгенден кийин, мүчө тараптар өз ыкластары менен салым кошушат. Бул куралдуу күчтөр тапшырма аяктагандан кийин өз өлкөлөрүнө кайтып келишет.

Бул операциялардын жүрүшүн жөнгө салууда куралдуу күчтөрдүн башкармалыгынын түзүлүшүнүн ролу зор. Бул түзүлүш башкы башкармалыктан жана мүчө өлкөлөр жайгашкан базалардан турат.

НАТОнун күнүмдүк иштери, граждандык, куралдуу күчтөр түзүлүштөрү жана коргонуу программалары жалпы бюджеттен төлөнөт, ал бюджет мүчө өлкөлөрдүн атайын ирет катары төлөнүүчү салымынан түзүлөт.



© NATO 2010 - KYR